И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин алдындагы докторлук (кандидаттык) дессертацияларды коргоо боюнча Д.07.18.578. диссертациялык кеңеши тарабынан түзүлгөн эксперттик комиссиянын мүчөсү тарых илимдеринин доктору, профессор **Жаркынбаева Роза Сейдалиевнанын** изденүүчү **Омурова Жамыйкат Орозбековнанын** 07.00.02 Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 Жалпы тарых адистиктери боюнча **"Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү"** деген темада тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасына берген

## КОРУТУНДУСУ

**1. 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 жалпы тарых адистиги боюнча даярдалган иштин Д 07.18.578 Диссертациялык кеңешинин кароосунда коргоо укугуна дал келиши.**

Изденүүчү Омурова Жамыйкат Орозбековнанын 07.00.02 Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 Жалпы тарых адистиктери боюнча **"Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү"** деген темадагы тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган докторлук диссертациясы И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети (КМУ) менен Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине (КУУ) караштуу Д 07.18.578 Диссертациялык кеңешинин профилдик багытына туура келет.

Каралып жаткан диссертациялык иште чет элдик, Борбордук Азия жана Кыргызстандын тарыхнаамасынын, маалымат булактарынын, архивдик материалдарынын даректүү маалыматтарга таянып Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы ар тараптуу кызматташтыгына тарыхый анализ берилген. Бул изилденип жаткан тема 07.00.02 Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 Жалпы тарых адистиктеринин паспортуна дал келет.

Иштин объектиси — эл аралык уюм Шанхай Кызматташтык уюму (ШКУ) жана аны уюштуруучулардын бири катары саналган Кыргызстан экендиги көрсөтүлдү. Ал эми диссертациялык иштин предмети —ШКУнун тарыхый өнүгүү этаптарына талдоо жүргүзүү менен уюмдун алкагындагы Кыргызстандын коопсуздук, экономика жана маданий-гуманитардык чөйрөдөгү кызматташтыгын изилдөө. Ошону менен кошо Кыргызстандын Кытай жана Орусия сыяктуу ШКУнун негизги мүчө өлкөлөрү менен карым-катнаштарынын мүнөзүн айкындоо болду.

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу төмөнкү жүйөөлөр менен аныкталган:**

XX к. акыры — XXI кылымдын башында пост-советтик Борбордук Азия, анын ичинде Кыргызстан, эл аралык мамилелердин жаңы өз алдынча катышуучусу катары калыптануу жолунда көптөгөн эл аралык уюмдардын мүчөсү катары таанылып келет. Кыргызстан мүчө болгон ушундай уюмдардын бири — Шанхай кызматташтык уюму (ШКУ) болуп эсептелет. ШКУга мүчө мамлекеттер өз алдынча тышкы саясат жүргүзө ала турган, эгемендүүлүгүн сактоого мүмкүнчүлүгү бар, уюм ичиндеги башка мамлекеттердин кысымы жок өз кызыкчылыгынын чегинде иш алып бара алат. ШКУ Евразия чөлкөмүндө жайгашкан ири өлкөлөрдүн биригүүсү, т.а., бул дүйнөлүк аренадагы «эркин» оюнчулардын коопсуздук маселелерин орток чечүү үчүн бир ынтымакка келүүсү болуп саналат.

ШКУга мүчө-өлкөлөр кыска убактагы эле эмес, узак мөөнөттөгү өнүгүүнүн стратегиялык кызыкчылыктарын өздөрүнө пайдалуу негизде жүзөгө ашырууда. Жогоруда белгилегендей, бул уюмга ири өлкөлөр (м., Орусия, Кытай) менен бир катарда Кыргыз Республикасы сыяктуу чаканыраак эгемен мамлекеттер дагы толук кандуу мүчө болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасы — Борбордук Азия аймагындагы тышкы саясий маселелерди түптөөдө көп векторлуу дипломатиялык саясатты негиз кылган жана ар кыл эл аралык көйгөйлөргө өз позициясы бар мамлекеттердин бири болуп саналат. Ошондуктан, геосаясий, экономикалык, экологиялык, диний

экстремизм, терроризм, баңгини мыйзамсыз таркатууга каршы күрөш, ошондой эле суу ресурстарын пайдалануу, бажы, чек ара, унаа жол, темир жол, аба байланышы ж.б. түйүндүү маселелерди биргелешип жөнгө салууда Кыргыз Республикасы интеграциялык аянтча болууга толук шарты бар.

Учурдагы Кытайдын жана башка ШКУга мүчө өлкөлөрдүн ШКУ аркылуу жана эки тараптуу кызматташуунун алкагында Кыргызстанга карата жүргүзүп жаткан саясатына калыс анализ берүү зарыл. Диссертациялык изилдөөбүздүн темасынын актуалдуулугун аныктаган жана далилдеген жагдайлардын бири — бул ШКУ уюму азыр да күчүндө экендигинде жана анын Кыргызстан үчүн маанисин таразалоо — Кыргызстандын бүгүнкү тышкы саясатын жана көп тарамдуу дипломатиялык багыттарын талдоого өзгөчө көмөк кыла турган прагматикалык милдетке байланыштуу.

**3. Илимий жыйынтыктар**

Каралып жаткан докторлук диссертациялык иште бир катар жаңы, илимий практикалык, тарыхнаамалык, булак таануучулук жыйынтыктар алынган: Алар төмөнкүлөр:

***1-жыйынтык.*** Диссертант бир катар булактык материалдарды өз алдынча иликтеп, тиешешелүү тарыхый изилдөөлөрдү салыштырып, натыйжада теманын актуалдуулугун, илимий маанисин белгилеп, өз эмгегинин жаңычылдыгын тастыктап ачып бере алган. Теманы изилдөөдө диссертанттын жеке автордук салымы так белгиленип, коргоого алынып чыгуучу жоболор конкреттүү аныкталган (Киришүү).

***2-жыйынтык.*** Изилдөөгө алынган маселенин тарыхнаамалык аспектиси да өзгөчө талданып, диссертант тарабынан дүйнө жүзүндөгү (АКШ, ЕБ өлкөлөрүнүн, Кытай, Япония, Индия, Иран, Турция, Орусия) окумуштуулардын жана Борбордук Азия менен Кыргызстандын окумуштуу адистердин изилденген ШКУнун алкагындагы Кыргызстандын кызматташтыгы жөнүндө жарыялаган эмгектери кылдат иликтенип, айрым маселелерге алгылыктуу сын-пикир берилген *(I бап, 1,2,3,4-параграфтар).*

*3-жыйынтык.* Иликтенип жаткан иште Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы ар тараптуу кызматташтыгынын тарыхына байланыштуу маселелерди ар кыл тарыхый булактар беш топко бөлөнүп талданып, Кыргызстандын азыркы мезгилдеги тышкы саясий өнүгүүсүн чагылдырган булактардын пайдалануудагы жаралган өзгөчөлүктөрү жана аларды изилдөөдөгү кыйынчылыктар жана ийгиликтер белгиленген. Диссертациялык иштин теориялык-методологиялык негизин изилдөөнүн атайын жана жалпы илимий ыкмаларынын жыйындысы түзөөрү белгиленген. *(2 бап, 2,3-параграфтар.*

*4-жыйынтык.* Кыргызстандын эл аралык уюмдарга катышуусунда чөлкөмдүн геосаясий, геоэкономикалык жана геомаданий өзгөчөлүктөрүнүн мүнөзүнө анализ берилген. Кыргыз Республикасы дүйнөлүк жана чөлкөмдөр аралык мамлекеттик уюмдарга мүчө катары кириши беш багыттуу (векторлуу) жүзөгө ашырылып жататкандыгы чагылдырылган. Кытайдын 1990-жылдардан башталган Борбордук Азияга, анын ичинде Кыргызстанга болгон стратегиясы талданган. Диссертацияда белгиленген факторлордун (геосаясий, геоэкономикалык, геостратегиялык, транзиттик, демографиялык жана коопсуздук) маани-маңызы Кыргызстан үчүн гана эмес, жалпы Евразия үчүн да олуттуу экендиги белгиленген.

ШКУнун чөлкөмдөгү коопсуздуктун кепилдиги (гаранты) катары жаралуусунун өзгөчөлүктөрүнө беш негиздүү анализ берилген. ШКУга Кыргызстандын мүчө болуусу үч баскычта жүзөгө ашырылгандыгын изденүүчү Ж.О. Омурова тарыхнаамалык жана булактык материалдарга таянуу менен иликтеп, анализ берген *(3 бап, 1,2,3-параграфтар).*

*5-жыйынтык.* Шанхай кызматташтык уюмунун алкагындагы Кыргызстандын ар тараптуу кызматташтыгына сереп салууда биринчи кезекте, ШКУнун алкагында жамааттык коопсуздук жана террорчулукка, жикчилдикке, экстремизмге каршы күрөшүүдө Кыргызстандын иш аркеттерине баа берген.

Экинчи кезекте, ШКУнун экономикалык интеграциясына негизги милдеттеринин бири болуп чөлкөмдөгү экономикалык абалды жакшыртуу, өнөктөштүк мамилелерди жайылтуу жана бекемдөө үчүн жагымдуу шарттарды түзүү милдеттери каралган. Ошону менен катар акыркы жылдарда ШКУнун алкагында ишке ашып жаткан экономикалык долбоорлор Кыргызстандын жалпы илимий-эксперттик чөйрөсүндө кызуу талкууга алынып жаткандыгына анализ берген.

Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы маданий-гуманитардык кызматташтыгын заманбап цивилизациялык очоктордун маданий-гуманитардык баарлашуусунун жана карым-катнаштар чагылдырылган. *(4 бап,1,2,3-параграфтар).*

***6-жыйынтык***. Кытайдын пост-советтик Кыргызстанга багытталган «гармониялуу дүйнө теориясы» жана “бир алкак, бир жол” долбоорунун ичиндеги кызматташтыгы көп тарамдуу саясатынын тарыхый өнүгүшү иликтенилип бул долбоорлордун Кыргызстандын экономикасына тийгизген таасирине баа берген.

ШКУнун негиздөөчүлөрүнүн бири болгон Орусиянын Кыргызстан менен соода-экономикалык, гуманитардык, аскердик ж.б. багыттарда ырааттуу карым-катнашы анализденилген. Орусиянын Кыргызстанга карата тышкы саясатынын өзөгү «Евразиялык багыт» аркылуу үч негизги багытта экендигин белгиленген: 1) аскердик жана коопсуздук тармагындагы кызматташтык (Канттагы аскердик база); 2) Орусия аркылуу түзүлгөн түзүмдөр аркылуу кызматташуу (КМШ, ЖККУ), акыркы мезгилдерде ЕАЭБ алкагында соода-экономикалык интеграциянын күч алуусу; 3) маданий-гуманитардык чөйрөдөгү ырааттуу сакталган кызматташтыгы экендиги аныкталган.

Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы өнүгүүсүнө АКШ, Европа Биримдикке кирген өлкөлөр, Япония ж.б. Борбордук Азияга карата мамилеси талдоого алып, изденүүчү Ж.О. Омурова ШКУнун ишмердиги анын ичинде Кыргызстан абдан актуалдуу изилденип жаткандыгына анализ берген.

ШКУнун ишмердүүлүгү Индия, Пакистан, Түркия, Иран сыяктуу өлкөлөрдүн изилдөөчөлөрдүн айрым эмгектери каралып анализ берилген. Изденүүчү Ж.О. Омурова диссертациялык иште ШКУнун мүчө өлкөлөрү, айрым эки тараптуу тирешүүлөр орун алган жагдайларга карабастан, ШКУ аркылуу Евразиялык ири аймактагы туруктуулукту жана террорчулук сыяктуу ар кандай коопсуздук коркунучтарын алдын алуучу жана бөгөт кылуучу факторго ээ экендигин аныктаган. Учурдагы ШКУнун дагы бир мааниси — Орусия, Кытай, же АКШ ж.б. кубаттуу мамлекеттер Борбордук Азияда мындан ары өз алдынча жана жалгыз оюнчу боло албастыгын да кепилдеген уюмдардын бири болуп калгандыгында деп жакшы баа берген. *(5 бап,1,2,3-параграфтар).*

**4. Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли**

Изденүүчү Ж.О. Омурова диссертацияда ар бир жаңы алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди негиздүү далилдей алган. Илимий айлампага киргизилген материалдарды изилдөөдө Ж.Омурова тарабынан колдонулган илимий ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ийгиликтүү ишке ашырууда өбөлгө түзөт.

СССР кулагандан кийин пост-советтик мамлекеттер менен экономикалык жактан тез темп менен өнүгүп жаткан Кытайдын ортосунда мамилелер жаңы деңгээлге көтөрүлгөн. Кыргызстандын ШКУга мүчө болуу процесси ШКУнун ири мүчө өлкөсү Кытай менен өз ара чек ара маселелерин такталышы менен коштолгон. Чек ара жана коопсуздук, эл аралык террорчулукка, бангизаттардын мыйзамсыз жүгүртүлүшүнө ж.б. каршы биргелешип күрөшүү көйгөйлөрүн чечүү алгач “Шанхай бештигинин”, кийин “Шанхай форумунун”, учурда “ШКУнун” түзүлүшү негизинде натыйжалуу жүзөгө ашырыла баштагандыгын изденүүчү Ж.О. Омурова илимий адабияттардын далилдүү материалдары менен бышыктаган жана баа берген.

Диссертациялык иштин маанилүү жетишкендиктеринин бири катары изденүүчүнүн ШКУнун негизделиши Кытайдын тарыхында Евразиядагы анын түндүк жана батыш коңшулары менен чек ара жаатындагы коопсуздук маселелерин чечүүдөгү чечкиндүү кадам катары баалангандыгынын мүнөзүн ачкан.

**5. Диссертациялык иштеги ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун), корутундунун жаңычылдыгынын деңгээли.**

Каралып жаткан теманын илимий жыйынтыктарынын жаңычылдык деңгээли катары төмөнкүлөрдү белгилеп кетүүгө болот.

***1-жыйынтык.*** ШКУнун өнүгүү тарыхын изилдөө маселелери бүгүнкү күндө дүйнөлүк жана чөлкөмдүк саясий жана тарых наамалык адабияттарда абдан кызуу талкууга алынгандыгы иштин тарыхнаамалык изилдөөсү эле аныктап турат. Изденүүчү Ж.О. Омурова тарыхнаама маселесин, АКШ, Европа Биримдикке кирген өлкөлөрдө, Японияда, Индия, Түркия жана Индия мамлекеттеринде изилдеп жаткан иликтөөчүлөрдүн айрым эмгектерине сереп салган. Мындай сереп салуу диссертант тарабынан алгачкы болуп комплекстүү изилденип илимий айлампага киргизилген – бул иштин жаңычылдыгы.

***2-жыйынтык.*** Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы ар тараптуу кызматташтыгынын тарыхына байланыштуу булактык база беш топко бөлүнүп изилденген. Негизинен Кыргыз Республикасынын архивдик материалдары, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин, миграция кызматынын материалдары, айрым министрликтердин расмий аналитикалык маалыматтары ж.б. даректүү маалыматтар диссертацияда кеңири пайдаланылып, кыргыз тарыхнаамасында колдонулуп келген булактык базаны кеңейткендиги да иштин жаңычылдыгы экендигин белгилейт.

***3-жыйынтык.*** ШКУнун тарыхый өнүгүүсүндө Кыргызстандын мүчө катары катышуусу тарыхый маалыматтын негизинде биринчи жолу үч

мезгилге бөлүнүп (1991—1997, 1997—2001, 2001- бүгүнкү күнгө чейин) иликтенилиши диссертациялык иштин жаңычылдыгы.

***4-жыйынтык.*** ШКУ алкагындагы кызматташтык аркылуу Кыргызстан Кытай жана Орусия өлкөлөр жана башка ШКУга мүчө өлкөлөр менен эл аралык карым-катнаштын жаңы барагын ачууда. ШКУнун кадыр-барктуу эл аралык уюм катары негизделишин жана тарыхый этаптарын изилдөөдөн тышкары, Кыргызстандын дал ушул ШКУга мүчө өлкөлөр менен бул уюмдун алкагындагы коопсуздук, экономикалык жана маданий-гуманитардык багыттарда кызматташтыкты жүзөгө ашыруусу Кыргызстанда алгачкылардан болуп комплекстүү түрдө докторлук диссертация деңгээлинде изилденилиши - бул иштин жаңычылдыгы.

. **6. Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо**

Изденүүчү Омурова Жамыйкат Орозбековнанын **"Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү"** деген темадагы 07.00.02 Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 Жалпы тарых адистиктери боюнча даярдалган докторлук диссертациясы чет элдик жана Борбордук Азия менен Кыргызстандын окумуштуу аналитиктеринин тарыхнаамасынан жана иште колдонулган беш топтогу тарыхый булактарды илимий айланпага киргизүү менен Кыргызстандын Шанхай кызматташтык уюмунун алкагындагы кызматташтыгын тарыхый этаптарын комплекстүү изилдөөгө алган. Бул диссертация болочок изилдөөлөргө негиз боло алат.

Автордун жекече салымы илимий изилдөөнүн жүрүшүндө каралган маселелердин бардык аспектилери боюнча изилдөөчү тарабынан чогултулган материалдардын системага келтирилишинен, өз алдынча олуттуу илимий бүтүмдөрүнүн ички биримдигинен билинип турат.

**7. Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси**

Диссертациялык иштин жыйынтыктары ШКУнун ишмердүүлүгүнө жана Кыргызстандын бул уюмдун алкагындагы Кытай жана Орусия жана Казакстан менен болгон байланышына анализ берүүдө, ошону менен катар Борбордук Азия анын ичинде Казакстан менен мындан аркы илимий долбоорлорду ж.б. сунуштарды даярдоого колдонулса болот.

**8. Диссертациянын жыйынтыктарынын жана корутундусунун автордун тематика боюнча жарыялаган эмгектеринде тастыкталышы**

Ж.О.Омурова илимий иш боюнча жалпы 34 илимий макала жарыялаган, алардын 15и чет элдик басмаларда чыгарылган, 10 макала РИНЦте катталган басылмаларда, 1 макала Web of Science жана Scopus системасы камтылган басмада жарык көргөн. Кыргы Республикасынын ЖАКы койгон талаптарга толук жооп берет деп ойлоймун.

**9. Автореферattын диссертациянын мазмунуна туура келиши**

Диссертациянын кол жазмасына карата идентивдүү эки тилде (кыргыз жана орус тилдеринде) даярдалган автореферат кандидаттык диссертациянын мазмунуна толук туура келет; ал эми диссертациянын максаты жана милдеттерине автореферattын текстинде чагылдырылган материалдар толук жооп берет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилдеринде идентивдүү резюмелер менен жабдылган.

**10. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар**

Ж.О.Омурованын диссертациялык ишинде жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен катар айрым мүчүлүштүктөр орун алган. Аларды жоюу үчүн айрым сунуштар:

1. Диссертациянын мазмунундагы биринчи бапта “Азыркы мезгилдеги Борбордук Азиянын жана Кыргызстандын тарыхнаамасында ШКУнун тарыхын изилдөөлөр” деп аталган 4-параграфында казак окумуштууларынын маалыматтары өтө эле жалпылаштырылып калган, кеңири берүү менен айрым окумуштуулардын эмгектерин кошумчалоо зарыл.

2. Диссертациянын 4- бабында коопсуздук, экономика маселерин кароодо ШКУга мүчө Борбордук Азия мамлекеттери анын ичинен Казакстандагы иш чаралар каралса болмок.

Эксперттик комиссиянын мүчөсү тарых илимдеринин доктору, профессор Жаркынбаева Роза Сейдалиевна изденүүчү Ж.О.Омурованын докторлук диссертациясынын кол жазмасын, жогоруда аталган айрым мүчүлүштүктөргө карабастан, өз алдынча жогорку деңгээлде жазылган илимий иш деп санайт жана аны ачык коргоого алууга сунуш кылат.

**11. Диссертациялык коргоого жетектөөчү мекемени, расмий опоненттерди дайындоо сунушунун негиздемеси**

Эксперттик комиссия изденүүчү Омурова Жамыйкат Орозбековнанын **"Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү"** деген темадагы 07.00.02 Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 Жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн даярдалган диссертациясын коргоого:

***Жетектөөчү мекеме катары*** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясындагы Б.Жамгырчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун Кыргызстандын XX --XXI кк. тарыхы бөлүмүн дайындоону сунуш кылат.

***Биринчи расмий оппонент катары*** 07.00.03 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору, профессор Жаркынбаева Роза Сейдалиевна сунуш кылат.

***Экинчи расмий оппонент катары*** 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору, профессор Акунов Аалыбек Акунович сунуш кылынат.

***Үчүнчү расмий оппонент катары*** 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору, профессор Курбанова Назира Умаровна сунуш кылынат.

Мен эксперттик комиссиянын мүчөсү Жаркынбаева Роза Сейдалиевна изденүүчү Омурова Жамыйкат Орозбековнанын **"Кыргызстан жана**

**Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү”** деген темадагы 07.00.02 Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 Жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасын, корутундудагы белгиленген кемчиликтерди сын пикир, сунуштарды эске алуу менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети менен Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу Д 07.18.578 Диссертациялык кеңешинде ачык коргоого сунуш кылам.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү:**
аль Фараби атындагы КазУУнун
Жалпы тарых, тарыхнаама жана
булак таануу кафедрасынын профессору,
тарых илимдеринин доктору **Жаркынбаева Р.С.**

15.03.2020.
Алматы шаары, Казак Республикасы

ЗАВЕРЯЮ
Начальник управления подготовки и аттестации научных кадров КазНУ им. аль-Фараби
Р.Е. Кудайбергенова

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин алдындагы докторлук (кандидаттык) дессертацияларды коргоо боюнча Д 07.20.624 диссертациялык кецеши тарабынан түзүлгөн эксперттик комиссиянын төрайымы тарых илимдеринин доктору, профессор **Каана Айдаркулдун** изденүүчү Омурова Жамыйкат Орозбековнанын 07.00.02 Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 Жалпы тарых адистиктери боюнча "Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү" деген темада тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасына берген

**КОРУТУНДУСУ**

**1. 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 жалпы тарых адистиги боюнча даярдалган иштин Д. 07.20.624 Диссертациялык кеңешинин кароосунда коргоо укугуна дал келиши.**

Изденүүчү Омурова Жамыйкат Орозбековнанын 07.00.02 Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 Жалпы тарых адистиктери боюнча **"Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү"** деген темадагы тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган докторлук диссертациясы И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети (КМУ) менен Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине (КУУ) караштуу Д. 07.20.624 Диссертациялык кеңешинин профилдик багытына туура келет.

Докторлук окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертация Кыргызстандын Шанхай кызматташтык уюмунун (ШКУ) алкагындагы ар тараптуу кызматташтыгынын тарыхый өнүгүү этаптарын изилдөөгө алууда чет элдик, Борбордук Азия жана жергиликтүү окумуштуулардын эмгектери колдонулган. Ошону менен катар ШКУнун негизги документтери ишитин булактык базасын кеңейтип, архивдик материалдар, ар тараптуу кызматташтыкты чагылдырууда электрондук маалыматтар иликтенилип анализ берилген. Бул изилденип жаткан тема 07.00.02 Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 Жалпы тарых адистиктеринин паспортуна дал келет.

**Иштин максаты** Эгемен Кыргыз Республикасынын Шанхай кызматташтык уюмунун алкагындагы кызматташтыгынын өнүгүү тарыхынын анализдөө менен бирге, уюмунун тарыхый өнүгүү этаптарын жана өзгөчөлүгүн ачып көрсөтүү болду.

Бул максатты иш жүзүнө ашыруу үчүн **төмөнкүдөй милдеттер** коюлду:

- Борбордук Азия өлкөлөрүнүн жана ШКУнун ишмердигине арналган илимий эмгектердин мазмунуна сереп салуу менен изилденип жаткан маселелердин өңүттөрү канчалык деңгээлде изилденгенин талдоо;
- Кыргызстан менен ШКУнун карым-катнашы жана ишмердиги жөнүндө маалыматтарды камтыган тарыхый булактарды талдоо жана иликтөө жана диссертацияда колдонулуучу илимий методдорду аныктоо;

- Эгемен Кыргыз Республикасынын эл аралык институттарга мүчө болуусунун жана көз карандысыз көп багыттуу дипломатиялык саясатына сереп салуу;
- Кытайдын Борбордук Азияга жана Кыргызстанга карата дипломатиялык стратегиясын жана алар мүчө болгон ШКУнун негизделишинин тарыхый факторлорун талдоо, өзгөчөлүгүн изилдөө;
- Кыргызстандын ШКУга мүчө болуусунун тарыхый этаптарына анализ берүү;
- Коопсуздук маселелерин чечүүдөгү Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы ишмердигинин маани-маңызын айкындоо;
- ШКУнун экономикалык интеграциясынын алкагында Кыргызстандын экономикалык кызматташтыгынын натыйжалуу өнүгүүсүнө жана айрым бир терс жактарына баа берүү;
- Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы маданий-гуманитардык жана билим берүү кызматташтыгына мүнөздөмө берүү;
- Кытайдын ШКУнун алкагындагы “гармониялуу дүйнө теориясы” жана “бир алкак, бир жол” долбоорунда Кыргызстандын катышуусу жана ал долбоорлор Кыргызстандын экономикалык ж.б. өнүгүүсүнө тийгизген таасирин анализдөө жана баа берүү;
- Орусиянын Кыргызстандагы ШКУ жана ЖККУ уюмдарынын алкагында ишке ашырылып жаткан кызматташтыгына сереп салуу;
- АКШ, Европа Биримдигине кирген өлкөлөрдүн ж.б. мамлекеттердин ШКУга менен Кыргызстанга карата жүргүзүп жаткан позициясына мүнөздөмө берүү.

Иштин объектиси — Евразиядагы ири эл аралык уюм болгон Шанхай Кызматташтык уюму (ШКУ) жана аны уюштуруучулардын бири катары саналган Кыргызстан экендиги көрсөтүлдү. Ал эми диссертациялык иштин предмети —ШКУнун тарыхый өнүгүү этаптарына талдоо жүргүзүү менен уюмдун алкагындагы Кыргызстандын коопсуздук, экономика жана маданий-гуманитардык чөйрөдөгү кызматташтыгын изилдөө. Ошону менен кошо Кыргызстандын Кытай жана Орусия сыяктуу ШКУнун негизги мүчө өлкөлөрү менен карым-катнаштарынын мүнөзүн айкындоо болду.

Диссертациялык иштин объектиси жана предмети – 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы жана 07.00.03 Жалпы тарых адистигинин мазмунуна жана ага коюлган талаптарга жооп берет.

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу төмөнкү жүйөөлөр менен аныкталган:**

Ааламдашуу мезгилинде эл аралык коомчулукту кучагына алган мурдагыдан алда канча тыгыз интеграция аракеттери жүрүп жатат; ошонун эле алкагында белгилүү бир тарыхый-географиялык аймакты ээлеген мамлекеттердин чөлкөмдүк интеграциясы да олуттуу жүрүүдө. Азыркы мезгилде дүйнөнүн ар бир чөлкөмүндө жайгашкан мамлекеттер арасында ар кандай тармактарды (коопсуздук, экономикалык, маданий ж.б.) өнүктүрүү боюнча уюмдар түзүлдү жана жаңыдан негизделүүдө. Учурдагы бардык эле

чөлкөмдүк уюмдардын ишмердүүлүгүн натыйжалуу деп айтууга болбойт. Бирок учурда дүйнөлүк саясаттын орчун бир бөлүгү камтылган чөлкөмдүк уюмдардын бир тобу, тиешелүү аймакта жайгашкан мамлекеттердин көйгөйлөрүн чечүүдө жана жөнгө салууда чечкиндүү иш-аракеттерди жүзөгө ашырып жаткандыгы да турмуш чындыгы.

XX к. акыры — XXI кылымдын башында пост-советтик Борбордук Азия, анын ичинде Кыргызстан, эл аралык мамилелердин жаңы өз алдынча катышуучусу катары калыптануу жолунда көптөгөн эл аралык уюмдардын мүчөсү катары таанылып келет. Кыргызстан мүчө болгон ушундай уюмдардын бири — Шанхай кызматташтык уюму (ШКУ) болуп эсептелет. ШКУ дүйнөдөгү "жаш" уюмдардын катарында десек болот, бирок анын ишмердүүлүгүн "жаңы уюм" катары бир тараптуу караганга мүмкүн эмес, б.а., анын иш алып баруусунда чөлкөмдөгү коопсуздуктун, экономиканын, маданияттын өнүгүүсү үчүн кеңешип аракет кылуу боюнча ар бир өлкөнүн буга чейинки бай тажрыйбалары да айгинеленип турат. Демек, ШКУнун ишмердүүлүгү — декларативдүү мүнөздө гана болбостон, практикалык (тажрыйбалык) мүнөзгө да ээ экендигин айтууга болот.

"Шанхай бештигин" эске албаганда, Кыргызстан ШКУга толук кандуу мүчө болгондугуна 18 жыл толду. Ушул жылдар аралыгында ШКУнун бардык иш аракеттеринде, долбоорлорунда, коопсуздук, экономика ж.б. кызматташтык нуктарында жигердүү катышуу менен Кыргызстан уюмдун алкагындагы иштерде өз алдынча жүргүзгөн тышкы саясаты менен айырмаланган татыктуу мүчө катары көрсөтө алды.

Диссертацияда каралып жаткан маселени изилдөө — кыргыз тарых илиминдеги эгемен Кыргызстандын көз карандысыздыгы, анын улуттук коопсуздугу жана көз карандысыз тышкы саясат жүргүзүүсүн камсыздоо көйгөйлөрүнө тиешелүү болгон олуттуу зарылчылык болуп саналат. Анын үстүнө, заманбап кыргыз тарых илиминде Кыргызстандын ШКУга катышуусунун тарыхый баскычтарын үйрөнүүгө байланыштуу докторлук диссертация деңгээлинде илимий изилдөөлөр жокко эсе. Ошондуктан, изилдөөгө алынып жаткан комплекстүү көйгөйлөргө илимий талдоо жүргүзүү, адекваттуу жана практикалык маанидеги тыянактарды чыгаруу — учурдун талабы деп айтууга толук негиз бар.

**3. Илимий жыйынтыктар**

Докторлук диссертациялык иштин изилдөөдө бир катар жаңы, илимий практикалык, тарыхнаамалык, булак таануучулук жыйынтыктар алынган: Ал жетишкендиктер кыргыз булак таануусуна, тарыхнаамасына белгилүү деңгээлде салым кошуп, Ата мекендик тарых илиминин өнүгүшүнө жигердүү таасир тийгизе алат. Алар төмөнкүлөр:

***1-жыйынтык.*** Диссертант бир катар булактык материалдарды өз алдынча иликтеп, тиешешелүү тарыхый изилдөөлөрдү салыштырып, натыйжада теманын актуалдуулугун, илимий маанисин белгилеп, өз эмгегинин жаңычылдыгын, практикалык баалуулугун ачып бере алган. Теманы изилдөөдө диссертанттын жеке салымы так белгиленип, коргоого алынып чыгуучу жоболор конкреттүү аныкталган (Киришүү).

***2-жыйынтык.*** Диссертациялык иште анализге алынган маселенин тарыхнаамалык аспектиси талданып, диссертант тарабынан дүйнө жүзүндөгү (АКШ, ЕБ өлкөлөрүнүн, Кытай, Япония, Индия, Иран, Турция, Орусия) окумуштуулардын жана Борбордук Азия менен Кыргызстандын окумуштуу аналитиктеринин ШКУ жана Борбордук Азия жөнүндө иликтеген эмгектери жакшы иликтенип, сын-пикир берилген *(I бап, 1,2,3,4-параграфтар).*

***3-жыйынтык.*** Иликтенип жаткан иште Эгемендүү Кыргыз Республикасынын азыркы мезгилдеги тышкы саясий өнүгүүсүн жана саясатын камтыган булактар беш топко бөлөнүп каралган. Булактардын пайдалануудагы жаралган өзгөчөлүктөрү жана аларды изилдөөдөгү кыйынчылыктар жана ийгиликтери белгиленген. Диссертациялык иштин изилдөөнүн атайын жана жалпы илимий ыкмаларынын ар бир бапты изилдөөдө кандайча колдонулгандыгы тууралуу анализ берген. *(2 бап, 2,3-параграфтар.*

***4-жыйынтык.*** Эгемендүү Кыргыз Республикасынын 1991-2019-жж. эл аралык институттарга катышуусун беш багытка бөлүп, чөлкөмдүн геосаясий, геоэкономикалык жана геомаданий өзгөчөлүктөрүнүн мүнөзүнө анализ берилген. Кытайдын 1990-жылдардан башталган Борбордук Азияга, анын ичинде Кыргызстанга болгон стратегиясы талданган. Иште ШКУнун уюшулушунун негизги өбөлгөлөрүнө жана Кытайдын Борбордук Азияга карата стратегиясы - геосаясий, геоэкономикалык, геостратегиялык, транзиттик, демографиялык жана коопсуздук ж.б. факторлор менен аныкталып, Кытай ж.б. ири өлкөлөр үчүн Кыргызстандын аймагы аркылуу Евразияга чыгууга мүмкүнчүлүгү экендиги белгиленген.

ШКУ Борбордук Азия жана Евразиядагы коопсуздуктун кепилдиги (гаранты) катары жаралуусунун өзгөчөлүктөрүнө беш негиздүү анализ берилген. ШКУга Кыргызстандын мүчө болуусу үч баскычта жүзөгө ашырылгандыгын изденүүчү Ж.О. Омурова тарыхнаамалык жана булактык материалдарга таянуу менен иликтеген. *(3 бап, 1,2,3-параграфтар).*

***5-жыйынтык***. ШКУнун алкагындагы Кыргызстандын кызматташтыгына анализ берүүдө, ШКУнун алкагында жамааттык коопсуздук маселеси “үч жамандыкка” (террорчулук, жикчилдик, экстремизм) каршы күрөшүүдө иш чаралардагы Кыргызстандын катышуусуна анализ берилген. Ошону менен катар Евразияда ШКУ сыяктуу коопсуздук жаатында ишмердүүлүктү ишке ашырып жаткан ЖККУнун жана ШКУнун иш аркеттерине салыштырмалуу баа берген. *(4 бап,1--параграф).*

***6-жыйынтык***. ШКУнун алкагындагы Кыргызытандын экономикалык кызматташтыгы, өлкөдөгү экономикалык абалды жакшыртуу, өнөктөштүк мамилелерди жайылтуу жана бекемдөө үчүн жагымдуу шарттарды түзүүдөгү инвестициялык иштери каралган. Ошону менен катар акыркы жылдарда ШКУнун алкагында ишке ашып жаткан экономикалык долбоорлор чет элдик аналитиктер арасында жана Кыргызстандын жалпы илимий-эксперттик чөйрөсүндө кызуу талкууга алынып жаткандыгына анализ берген.

Ал эми ШКУнун мүчө өлкөлөр ортосундагы маданий-гуманитардык кызматташтыгын эң маанилүү экендиги да бул уюмдун ар жылда болуп

өткөн жыйындарында белгиленип келет. Уюм алкагында Кыргыз Республикасы ири цивилизациялык очоктордун маданий-гуманитардык баарлашуусунун жана карым-катнашынын ортосунда жайгашып, аларды бири-бирине жакындаштырууда туруктуу аянтча болуп калууга мүмкүнчүлүгү бар экендиги анализденилген. Борбордук Азияда анын ичинде Кыргызстанда кытай тилин окутуу Конфуций институттарынын ишмердиги активдешип жаткандыгына баа берген. *(4 бап,2,3-параграфтар).*

***6-жыйынтык.*** Кытайдын Эгемендүү Кыргыз Республикасына багытталган «гармониялуу дүйнө теориясы» жана “бир алкак, бир жол” долбоорунун ичиндеги кызматташтыгы көп багыттуу саясатынын өнүгүшү иликтенилип бул долбоорлордун Кыргызстандын экономикасына тийгизген таасирине баа берген.

ШКУнун уюшулушунда демилгечи катары таанылган Орусия Федерациясынын Кыргыз Республикасы менен саясий, экономикалык, маданий-гуманитардык, аскердик ж.б. багыттагы кызматташтыгына сереп салууда, Орусиянын Кыргызстанга карата тышкы саясатынын өзөгү «Евразиялык багыт» аркылуу үч негизги багытта ишке ашкандыгы белгиленген: 1) аскердик жана коопсуздук тармагындагы кызматташтык (Канттагы аскердик база); 2) Орусия аркылуу түзүлгөн түзүмдөр аркылуу кызматташуу (КМШ, ЖККУ), акыркы мезгилдерде ЕАЭБ алкагында соода-экономикалык интеграциянын күч алуусу; 3) маданий-гуманитардык чөйрөдөгү ырааттуу сакталып келген кызматташтыгы экендиги аныкталган. *(5 бап,1,2- параграфтар)*

***7-жыйынтык.*** Борбордук Азия анын ичинде Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы өнүгүүсүнө АКШ, Европа Биримдикке кирген өлкөлөр, Япония ж.б. мамлекеттердин позициясы изденүүчү Ж.О. Омурова тарабынан талдоого алынып анализ берилген.

ШКУнун ишмердүүлүгү жана Борбордук Азия республикаларынын тарыхый өнүгүүсү Индия, Пакистан, Түркия, Иран сыяктуу өлкөлөрдүн иликтөөчүлөрүнүн кызыгуусун арттырган, алардын эмгектеринде калыс талдоого алынган пикирлер берилгендигин диссертант ишинде анализ берген. 2017-ж. тартып Индия менен Пакистан Кыргызстан менен ШКУнун алкагындагы өнөктөшкө айланып жаткандыгы токтолгон.

Изденүүчү Ж.О. Омурова диссертациялык иште ШКУнун мүчө өлкөлөрү, айрым эки тараптуу тирешүүлөр орун алган жагдайларга карабастан, ШКУ аркылуу Евразиялык ири аймактагы туруктуулукту жана террорчулук сыяктуу ар кандай коопсуздук коркунучтарын алдын алуучу жана бөгөт кылуучу факторго ээ экендигин аныктаган. Азыркы мезгилдеги ШКУнун дагы бир мааниси — Орусия, Кытай, же АКШ ж.б. кубаттуу мамлекеттер Борбордук Азияда мындан ары өз алдынча жана жеке басар ролду ойногон жалгыз оюнчу боло албастыгын да кепилдеген уюмдардын бири болуп калгандыгында деп жакшы баа берген. *(5 бап,3-параграф).*

**4. Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли**

116

Изденүүчү Ж.О.Омурова жазган диссертациялык ишинде ар бир бап боюнча алынган жаңы жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди негиздүү жана ынанымдуу далилдей алган. Илимий айлампага киргизилген материалдарды изилдөөдө Ж.Омурова тарабынан колдонулган илимий принциптер жана ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ийгиликтүү ишке ашырууда өбөлгө болгон.

СССР кулагандан кийин пост-советтик мамлекеттер менен экономикалык жактан тез темп менен өнүгүп жаткан Кытайдын ортосунда мамилелер жаңы деңгээлге көтөрүлгөн. Кыргызстандын ШКУга мүчө болуу процесси ШКУнун ири мүчө өлкөсү Кытай менен өз ара чек ара маселелерин тактальшы менен коштолгон. Чек ара жана коопсуздук, эл аралык террорчулукка, бангизаттардын мыйзамсыз жүгүртүлүшүнө ж.б. каршы биргелешип күрөшүү көйгөйлөрүн чечүү алгач "Шанхай бештигинин", кийин "Шанхай форумунун", учурда "ШКУнун" түзүлүшү негизинде натыйжалуу жүзөгө ашырыла баштагандыгын изденүүчү Ж.О. Омурова илимий адабияттардын далилдүү материалдары менен бышыктаган жана баа берген.

Диссертациялык иштин маанилүү жетишкендиктеринин бири катары изденүүчүнүн ШКУнун негизделиши Кытайдын тарыхында Евразиядагы анын түндүк жана батыш коңшулары менен чек ара жаатындагы коопсуздук маселелерин чечүүдөгү чечкиндүү кадам катары бааланып, ал эми Кытайдын XX к. аягындагы — XXI к. башындагы постсоветтик Борбордук Азияга карата стратегиясындагы эң маанилүү бир нече өбөлгөлөрү жөнүндө жобосун айтсак болот.

Изденүүчү Ж.О. Омурова Кыргызстандын тарыхында ШКУнун түзүлүшү жана Кыргызстандын бул уюмдун алкагында ээлеген орду жана ар тараптуу кызматташтыкты өөрчүтүүгө кошкон салымы сандык өлчөмдө гана эмес, ошондой эле сапаттык жаңы маанидеги категориялар, концепциялардын негизинде көрсөтүүсү иштин жаңычылдыгын жогорку деңгээлин мүнөздөп турат.

**5. Диссертациялык иштеги ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун), корутундунун жаңычылдыгынын деңгээли.**

Каралып жаткан теманын илимий жыйынтыктарынын жаңычылдык деңгээли катары төмөнкүлөрдү белгилеп кетүүгө болот.

***1-жыйынтык.*** ШКУнун өнүгүү тарыхын изилдөө маселелери бүгүнкү күндө дүйнөлүк жана чөлкөмдүк саясий жана тарых наамалык адабияттарда абдан кызуу талкууга алынгандыгы иштин тарыхнаамалык изилдөөсү эле аныктап турат. Изденүүчү Ж.О. Омурова тарыхнаама маселесин, АКШ, Евробиримдикке кирген өлкөлөрдө, Японияда, Индия, Түркия жана Индия мамлекеттеринде изилдеп жаткан иликтөөчүлөрдүн айрым эмгектерине сереп салган. Мындай сереп салуу диссертант тарабынан алгачкы болуп комплекстүү изилденип илимий айланпага киргизилген – бул иштин жаңычылдыгы.

***2-жыйынтык.*** Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы ар тараптуу кызматташтыгынын тарыхына байланыштуу булактык база беш топко

бөлүнүп изилденген. Негизинен Кыргыз Республикасынын архивдик материалдары, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин, миграция кызматынын материалдары, айрым министрликтердин расмий аналитикалык маалыматтары ж.б. даректүү маалыматтар диссертацияда кеңири пайдаланылып, кыргыз тарыхнаамасында колдонулуп келген булактык базаны кеңейткендиги да иштин жаңычылдыгы экендигин белгилейт.

***3-жыйынтык.*** ШКУнун тарыхый өнүгүүсүндө Кыргызстандын мүчө катары катышуусу тарыхый маалыматтын негизинде биринчи жолу үч мезгилге бөлүнүп (1991—1997-ж., 1997—2001-ж., 2001- бүгүнкү күнгө чейин) иликтенилиши диссертациялык иштин жаңычылдыгы.

***4-жыйынтык.*** ШКУ алкагындагы кызматташтык аркылуу Кыргызстан Кытай жана Орусия өлкөлөр жана башка ШКУга мүчө өлкөлөр менен эл аралык карым-катнаштын жаңы барагын ачууда. ШКУнун кадыр-барктуу эл аралык уюм катары негизделишин жана тарыхый этаптарын изилдөөдөн тышкары, Кыргызстандын дал ушул ШКУга мүчө өлкөлөр менен бул уюмдун алкагындагы коопсуздук, экономикалык жана маданий-гуманитардык багыттарда кызматташтыкты жүзөгө ашыруусу Кыргызстанда алгачкылардан болуп комплекстүү түрдө докторлук диссертация деңгээлинде изилденилиши - бул иштин жаңычылдыгы.

. **6. Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо**

Изденүүчү Омурова Жамыйкат Орозбековнанын **“Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү”** деген темадагы 07.00.02. Ата Мекен тарыхы, 07.00.03. жалпы тарых адистиктери боюнча даярдалган докторлук диссертация аталган тема боюнча биринчи бап төрт параграфтан туруп анада чет элдик жана Борбордук Азия менен Кыргызстандын окумуштуу аналитикеринин тарыхнаамасы кеңири алкактагы ой пикирлер камтылган адабияттарды изилдөө менен баа берилген. Ал эми экинчи бап беш топтогу тарыхый булактарды илимий айланпага киргизүү менен Кыргызстандын Шанхай кызматташтык уюмунун алкагындагы кызматташтыгын тарыхый этаптарын комплекстүү изилдөөгө алган. Бул диссертация болочок изилдөөлөргө негиз боло алат.

Автордун жекече салымы илимий изилдөөнүн жүрүшүндө каралган маселелердин бардык аспектилери боюнча изилдөөчү тарабынан чогултулган материалдардын системага келтирилишинен, өз алдынча олуттуу илимий бүтүмдөрүнүн ички биримдигинен билинип турат.

**7. Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси**

Диссертациялык иштин жыйынтыктары Эгемендүү Кыргызстандын тарыхында ШКУнун ишмердүүлүгүнө жана Кыргызстандын бул уюмдун алкагындагы Кытай жана Орусия менен болгон байланышына анализ

берүүдө, илимий долбоорлорду ж.б. сунуштарды даярдоого колдонсо болот. Ошону менен катар диссертациялык иштин мазмуну Кыргызстандын окуу жайларында чөлкөм таануу, Атамекен тарыхы, Евразия тарыхы, ШКУ тарыхы, заманбап дипломатия тарыхы сыяктуу көйгөйлөрдү изилдеген аспиранттар, магистранттар жана студенттер үчүн атайын дарстарды, анын ичинде интернеттик дарстарды даярдоодо, окуу куралдарын түзүүдө жана ушул теманын алкагында салыштырма изилдөө жүргүзгөн илимий чөйрөдө пайдаланылышы мүмкүн.

**8. Диссертациянын жыйынтыктарынын жана корутундусунун автордун тематика боюнча жарыялаган эмгектеринде тастыкталышы**

Ж.О.Омурова илимий иш боюнча жалпы 34 илимий макала жарыялаган, алардын 15и чет элдик басмаларда чыгарылган, 10 макала РИНЦте, 1 макала Web of Science системасы камтылган басмада жарык көргөн. Кыргы Республикасынын ЖАКы койгон талаптарга толук жооп берет.

**9. Автореферattын диссертациянын мазмунуна туура келиши**

Диссертациянын кол жазмасына карата идентивдүү эки тилде (кыргыз жана орус тилдеринде) даярдалган автореферат кандидаттык диссертациянын мазмунуна толук туура келет; ал эми диссертациянын максаты жана милдеттерине автореферattын текстинде чагылдырылган материалдар толук жооп берет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилдеринде идентивдүү резюмелер менен жабдылган.

**10. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар**

Ж.О.Омурованын диссертациялык ишинде жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен катар айрым мүчүлүштүктөр орун алган. Аларды жоюу үчүн айрым сунуштар:

1. Диссертациянын киришүүсүндө теманын актуалдуулугун, коргоого алып чыгуучу жоболорду маанисин ар бир баптын жыйынтыгына ылайык келгендей чыгаруу керек.
2. “Азыркы мезгилдеги Борбордук Азиянын жана Кыргызстандын тарыхнаамасында ШКУнун тарыхын изилдөөлөр” деп аталган 4-параграфында айрым эмгектерге кеңири анализ берүү менен жергиликтүү окумуштуулардын эмгектерин кошуу.
3. Диссертациянын 3-бабында “Эгемендүү Кыргыз Республикасынын эл аралык институттарга мүчө болуусу” аталган биринчи параграфында кайталанган маанидеги пикирлерди кыскартуу керек.
4. Ар бир бапта ШКУнун алкагындагы Кыргызстандын өнүгүүсүн чагылдырууда биздин республика жөнүндөгү маалыматтар жана ой пикирлер камтылышы өтө маанилүү.

**11. Диссертациялык коргоого жетектөөчү мекемени, расмий опоненттерди дайындоо сунушунун негиздемеси**

Эксперттик комиссия изденүүчү Омурова Жамыйкат Орозбековнанын **“Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү”** деген темадагы 07.00.02 –Ата Мекен тарыхы,

1/19

07.00.03 –Жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн даярдалган диссертациясын коргоого:

***Жетектөөчү мекеме катары*** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясындагы Б.Жамгырчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун Кыргызстандын XX –XXI кк. тарыхы бөлүмүн дайындоону сунуш кылат.

***Биринчи расмий оппонент катары*** 07.00.03 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору, профессор Жаркынбаева Роза Сейдалиевна сунуш кылат. Ал – жалпы тарыхы боюнча бир канча илимий эмгектердин ээси. Азыркы мезгилдеги Борбордук Азиянын мамлекеттеринин социалдык-экономикалык байланыштарын жана чөлкөмдүк интеграциясын изилдеген белгилүү адис.

***Экинчи расмий оппонент катары*** 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору, профессор Акунов Аалыбек Акунович сунуш кылат. Ал –азыркы мезгилдеги Кыргызстандын тышкы саясатынын тарыхы боюнча бир канча илимий эмгектердин ээси.

***Үчүнчү расмий оппонент катары*** 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору, профессор Ормушев Асан Сулайманович сунуш кылат. Ал –азыркы мезгилдеги Кыргызстандын тышкы саясий өнүгүүсүн изилдеген адис.

Мен эксперттик комиссиянын мүчөсү Каана Айдаркул изденүүчү Омурова Жамыйкат Орозбековнанын **“Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү”** деген темадагы 07.00.02 Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 Жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасын, корутундудагы белгиленген кемчиликтерди сын пикир, сунуштарды эске алуу менен Диссертациялык кеңешинде ачык коргоого сунуш кылам.

**Комиссиянын мүчөсү:**
И. Арабаев атындагы КМУнун
профессору, тарых илимдеринин доктору **Каана Айдаркул**

Тастыктамын:
Диссертациялык кенештин
окумуштуу катчысы, проф.м.а.
тарых илимдеринин доктору **А.К. Карыева**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

/100

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин алдындагы докторлук (кандидаттык) дессертацияларды коргоо боюнча Д 07.20.624 диссертациялык кеңеши тарабынан түзүлгөн эксперттик комиссиянын мүчөсү тарых илимдеринин доктору, профессор **Эсенкулов Нурмамат Жокеновичтин** изденүүчү Омурова Жамыйкат Орозбековнанын 07.00.02 Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 Жалпы тарых адистиктери боюнча “Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү” деген темада тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн
даярдалган диссертациясынын кол жазмасына берген

# КОРУТУНДУСУ

**1. 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 жалпы тарых адистиги боюнча даярдалган иштин Д 07.20.624 Диссертациялык кеңешинин кароосунда коргоо укугуна дал келиши.**

Изденүүчү Омурова Жамыйкат Орозбековнанын 07.00.02 Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 Жалпы тарых адистиктери боюнча **“Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү”** деген темадагы тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган докторлук диссертациясы И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети (КМУ) менен Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине (КУУ) караштуу Д 07.20.624 Диссертациялык кеңешинин профилдик багытына туура келет.

Каралып жаткан докторлук диссертацияда Шанхай кызматташтык уюмунун (ШКУ) баштапкы “Шанхай бештиги”, кийинки “Шанхай форуму”, азыркы ШКУнун тарыхый динамикасын анализдөөдө кеңири чет элдик, тактап айтканда ШКУнун мүчө өлкөлөрү Кытай, Орусия, Индия жана Борбордук Азия анын ичинде Кыргызстандын окумуштууларынын эмгектери жакшы талданган. Мындан тышкары ШКУнун байкоочу статусуна ээ болгон өлкөлөрдүн бири Ирандын, ШКУга сүйлөшүү боюнча шериктеш Түркиянын серепчилеринин айрым эмгектери да иликтөөдө колдонулган. Ошону менен катар ШКУнун ишмердүүлүгүн жана Борбордук Азиянын өнүгүүсүнө сырттан көз кырын салган АКШ, Евро Биримдик өлкөлөрүнүн жана Япония окумуштууларынын, аналитиктеринин айрым эмгектери каралган. Илимий иште маалымат булактардын, архивдик материалдар, статистикалык ж.б. даректүү маалыматтарды кеңири колдонуу менен Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы ар тараптуу кызматташтыгына тарыхый өнүгүү жагдайларына баа берилген. Бул изилденип жаткан тема 07.00.02 Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 Жалпы тарых адистиктеринин паспортуна дал келет.

**Иштин максаты** Эгемен Кыргыз Республикасынын Шанхай кызматташтык уюмунун алкагындагы кызматташтыгынын өнүгүү тарыхынын анализдөө менен бирге, уюмунун тарыхый өнүгүү этаптарын жана өзгөчөлүгүн ачып көрсөтүү болду.

Бул максатты иш жүзүнө ашыруу үчүн **төмөнкүдөй милдеттер** коюлду:

- Кыргыз Республикасынын эл аралык институттарга мүчө болуусунун жана көз карандысыз көп багыттуу дипломатиялык саясатына сереп салуу;
- Кытайдын Борбордук Азияга жана Кыргызстанга карата дипломатиялык стратегиясын жана алар мүчө болгон ШКУнун негизделишинин тарыхый факторлорун талдоо, өзгөчөлүгүн изилдөө;
- Кыргызстандын ШКУга мүчө болуусунун тарыхый этаптарына анализ берүү;
- Коопсуздук маселелерин чечүүдөгү Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы ишмердигинин маани-маңызын айкындоо;
- ШКУнун экономикалык интеграциясынын алкагында Кыргызстандын экономикалык кызматташтыгынын натыйжалуу өнүгүүсүнө жана айрым маселелерине баа берүү;
- Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы маданий-гуманитардык жана билим берүү кызматташтыгына мүнөздөмө берүү;
- Кытайдын ШКУнун алкагындагы "гармониялуу дүйнө теориясы" жана "бир алкак, бир жол" долбоорунда Кыргызстандын катышуусу жана ал долбоорлор Кыргызстандын экономикалык ж.б. өнүгүүсүнө тийгизген таасирин анализдөө жана баа берүү;
- Орусиянын Кыргызстандагы ШКУ жана ЖККУ уюмдарынын алкагында ишке ашырылып жаткан кызматташтыгына сереп салуу;
- АКШ, Европа Биримдигине кирген өлкөлөрдүн ж.б. мамлекеттердин ШКУга менен Кыргызстанга карата жүргүзүп жаткан позициясына мүнөздөмө берүү.

Иштин объектиси — Евразиядагы ири эл аралык уюм болгон Шанхай Кызматташтык уюму жана аны уюштуруучулардын бири катары саналган Кыргызстан экендиги көрсөтүлдү. Ал эми диссертациялык иштин предмети – –ШКУнун тарыхый өнүгүү этаптарына талдоо жүргүзүү менен уюмдун алкагындагы Кыргызстандын коопсуздук, экономика жана маданий-гуманитардык чөйрөдөгү кызматташтыгын изилдөө. Ошону менен катар ШКУнун негизги мүчө өлкөлөрү Кытай менен Орусиянын Кыргызстан менен ишке ашып жаткан кызматташтыгынын мүнөзүнө анализ берүү болду.

Диссертациялык иштин объектиси жана предмети – 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы жана 07.00.03 Жалпы тарых адистигинин мазмунуна жана ага коюлган талаптарга жооп берет.

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу төмөнкү жүйөөлөр менен аныкталган:**

Ааламдашуу учурунда эл аралык ири бирикмелерге караганда, белгилүү бир тарыхый .географиялык аймакта орун алган мамлекеттердин чөлкөмдүк интеграциясы маанилүү болууда. Азыркы мезгилде дүйнөнүн ар бир аймагында жайгашкан мамлекеттер арасында ар кандай тармактарды (коопсуздук, экономика, маданий-гуманитардык, илимий-технологиялык долбоорлор, билим берүү жана адистерди даярдоо ж.б.) өнүктүрүү боюнча уюмдар түзүлүүдө.

XX к. акыры — XXI к. башында пост-советтик Борбордук Азияда анын ичинде Кыргызстан, өзүнүн тышкы саясий кызыкчылыктарын ишке ашыруу үчүн ар тараптуу байланыштарды ишке ашырып дүйнөлүк аренага чыгып жатат. Кыргыз Республикасы — Борбордук Азия аймагындагы тышкы саясий маселелерди түптөөдө көп векторлуу дипломатиялык саясатты негиз кылган жана ар кыл эл аралык көйгөйлөргө өз позициясы бар мамлекеттердин бири. Ошондуктан, геосаясий, экономикалык, экологиялык, диний-экстремизм, терроризм, баңги трафик, суу ресурстарын пайдалануу, бажы, чек ара, унаа жол, темир жол, аба байланышы ж.б. түйүндүү маселелерди биргелешип жөнгө салууда Кыргыз Республикасы интеграциялык аянтча болууга толук шарты бар деп айтууга болот.

Кыргызстан эл аралык мамиленин өз алдынча катышуучу катары калыптануу жолунда көптөгөн эл аралык уюмдардын мүчөсү катары таанылып келет. Кыргызстан мүчө болгон ушундай уюмдардын бири — Шанхай кызматташтык уюму. ШКУга мүчө мамлекеттер өздөрүнүн кызыкчылыгынын чегинде максаттарын ишке ашырууда тышкы саясий байланыштарын өз алдынча чечүүгө, өнүктүрүүгө, ачык-айкын жана олуттуу пикир алмашуу менен стратегиялык маанидеги өз ара ишенимди чыңдоого, өз ара келишпестиктерди четтетип, тынчтыкта жана ынтымакта жашоону камсыз кылууну көздөшөт. Ошону менен катар ШКУ коопсуздук жаатында “үч жамандыкка” терроризм, сепаратизм, диндик экстремизмге жол бербей, аларга каршы күрөштө эл аралык жана аймактык кызматташтыкты бекемдөө менен аймактын элдери өздөрүнүн өлкөлөрүндө тынч жана бейпил жашоосун камсыз кылууга мүмкүнчүлүктөрдү издөөнүн үстүндө иштеп келет.

Диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугун аныктаган жана далилдеген жагдайлар арбын. Алсак, Кыргызстандын ШКУга мүчө Кытай жана Орусия өлкөлөр менен уюмдун алкагында эки тараптуу жана көп багыттуу кызматташуусунда коопсуздуктун жалпы таламдарына көбүрөөк көңүл буруп, коопсуздук жолундагы тоскоолдуктарга биргелешип күрөшүүнүн зарылдыгын иликтөө маанилүү. Ошону менен катар Кыргызстандын ШКУ алкагындагы экономика, маданий-гуманитардык ж.б. кызматташтыктын багыттары кеңейтилип жаңы багыттары ачылып жаткандыгына анализ берүү мезгил талабы. Учурда ШКУ уюму өз ара ишенимге, өз ара пайдага, тең укуктуулукка жана биргелешип аракеттенүүгө таяна турган жаңы концепциялардын Кыргызстан үчүн маанисин таразалоо –– Кыргызстандын бүгүнкү тышкы саясатын жана дипломатиялык багыттарын талдоого көмөк кыла турган практикалык жыйынтыктарда десек болот.

Изденүүчү өз диссертациясында көтөрүп жаткан изилдөө маселесинин ***актуалдуулугу***: 1) кыргыз тарых илиминдеги 07.00.03–Жалпы тарых адистигинин практикалык зарылчылык менен байланышкан; 2) бул тема боюнча буга чейин Ата Мекендик тарыхнаамабызда диссертациялык деңгээлдеги комплекстүү изилдөөнүн болбогондугу менен байланышкан.

**3. Илимий жыйынтыктар**

Каралып жаткан докторлук диссертациялык иште бир катар жаңы, илимий практикалык, булак таануучулук, тарыхнаамалык жыйынтыктар алынган. Ал жетишкендиктер кыргыз булак таануусуна, тарыхнаамасына белгилүү деңгээлде салым кошуп, Ата Мекендик тарых илиминин өнүгүшүнө жигердүү таасир тийгизе алат. Алар төмөнкүлөр:

***1-жыйынтык.*** Изденүүчү теманын актуалдуулугун негиздөөдө бир катар булактык материалдарды өз алдынча иликтеп, тиешешелүү тарыхый изилдөөлөрдү салыштырып, натыйжада теманын актуалдуулугун, илимий маанисин белгилеп, өз эмгегинин жаңычылдыгын ачып бере алган. Теманы изилдөөдө диссертанттын жеке автордук салымы так белгиленип, коргоого алынып чыгуучу жоболор конкреттүү аныкталган. (Киришүү)

***2-жыйынтык.*** ШКУнун алкагындагы Кыргызстандын кызматташтыгы жөнүндө тарыхнаамалык аспектиси да өзгөчө талданып, диссертант тарабынан дүйнө жүзүндөгү (АКШ, ЕБ өлкөлөрүнүн, Кытай, Япония, Индия, Иран, Турция, Орусия) окумуштуулардын жана Борбордук Азия менен Кыргызстандын окумуштуу адистердин изилденген жарыялаган эмгектери кылдат иликтенип, айрым маселелерге алгылыктуу сын-пикир берилген. *(I бап, 1,2,3,4-параграфтар)*

***3-жыйынтык.*** Диссертацияда Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы ар тараптуу кызматташтыгынын тарыхына байланыштуу маселелерди иликтөөдө тарыхый булактар беш топко бөлүнүп таразаланган. ШКУнун расмий-ченемдик документтеринен баштап ШКУнун ар жылда өткөн саммитиндеги айрым кабыл алынган жоболор, деклациялар ж.б., Кыргыз Республикасынын мыйзамдары талдоого алынган. Ошону менен катар Кыргызстандын азыркы мезгилдеги тышкы саясий өнүгүүсүн чагылдырган булактардын пайдалануудагы жаралган өзгөчөлүктөрү жана аларды изилдөөдөгү кыйынчылыктар жана ийгиликтер белгиленген. Диссертациялык иштин жазууда атайын жана жалпы илимий ыкмаларынын жыйындысы түзөөрү белгиленген. Атайын илимий ыкма - тарыхый изилдөө методдору: тарыхый салыштырма усул, тарыхый–диахрондук, тарыхый–системалык, тарыхый-типологиялык ыкма ж. б. ШКУнун жаралуу тарыхын жана өнүгүү баскычтарын изилдөөдө баштан аяк анализ берүүдө олуттуу көмөк түзгөн. ШКУну эл аралык уюм катары ишмердигин иликтөө усулу жана укуктук-нормативдик изилдөө усулу өз ара айкалышып колдонулган. Изденүүчү диссертациялык ишти изилдөөдө объективдүүлүк жана тарыхыйлык (историзм) принциптерине негизделген *(2 бап, 2,3-параграфтар)*

***4-жыйынтык.*** Кыргыз Республикасынын эл аралык институттарга мүчө болуусу СССР кулагандан кийин көп багыттуу (көп векторлуу) дипломатиялык саясаттын негизинде ишке ашкандыгы диссертацияда мүнөздөлгөн.

Пост-советтик Кыргызстандын эл аралык уюмдарга мүчө болуусундагы негизги багыттарды аныктоочу теориялык концепциялар “көп багыттуу дипломатия”, “ынак коңшулук” (алыскы туугандан жакынкы коңшу артык”), “маселелерди тынч жол менен чечүү” сыяктуу принциптерге

негизделген. Иште Кыргызстандын эл аралык уюмдарга катышуусунда чөлкөмдүн геосаясий, геоэкономикалык жана геомаданий өзгөчөлүктөрүнүн мүнөзүнө анализ берилген. Кыргыз Республикасы дүйнөлүк жана чөлкөмдөр аралык мамлекеттик уюмдарга мүчө катары кириши беш багыттуу (векторлуу) жүзөгө ашырылып жататкандыгы чагылдырылган. *(3 бап, 1-параграф)*

**5-жыйынтык.** Кытайдын 1990-жылдардан башталган Борбордук Азияга, анын ичинде Кыргызстанга болгон стратегиясы талданган. Диссертацияда Кытайдын Борбордук Азияга жана Кыргызстанга карата стратегиясы геосаясий, геоэкономикалык, геостратегиялык, транзиттик, демографиялык жана коопсуздук экендигине анализ берилген. ШКУнун чөлкөмдөгү коопсуздуктун кепилдиги катары жаралуусунун өзгөчөлүктөрүн беш жагдайын аныктаган. ШКУга Кыргызстандын мүчө болуусу үч баскычта жүзөгө ашырылгандыгын Изденүүчү Ж.О. Омурова тарыхнаамалык жана булактык материалдарга таянуу менен талдап, ынанымдуу далилдеген *(3 бап, 2,3-параграфтар)*

***6-жыйынтык***. Шанхай кызматташтык уюмунун алкагындагы Кыргызстандын ар тараптуу кызматташтыгына изилдөөдө коопсуздук маселеси каралган. Кыргызстандын ШКУнун алкагында жамааттык коопсуздук жана террорчулукка, жикчилдикке, экстремизге каршы күрөшүү боюнча кызматташтыгына сереп салууда биринчи кезекте, ШКУнун алкагында түзүлгөн Чөлкөмдүк терроризмге каршы түзүмдүн түзүлүшүндөгү Кыргызстандын иш аракеттерине баа берген.

Экинчи кезекте, Борбордук Азиядагы жамааттык коопсуздук жаатында алектенген ШКУ менен ЖККУнун ишмердүүлүгүнө салыштырмалуу анализ берилген жана бул уюмдардын биргелешип иштөөсү мезгил талабы экендигин белгилеген. (4 бап, 1-параграф)

**7-жыйынтык.** ШКУнун экономикалык интеграциясына негизги милдеттеринин бири болуп чөлкөмдөгү экономикалык абалды жакшыртуу, өнөктөштүк мамилелерди жайылтуу жана бекемдөө үчүн жагымдуу шарттарды түзүү милдеттери каралган. Ошону менен катар акыркы жылдарда ШКУнун алкагында ишке ашып жаткан экономикалык долбоорлор Кыргызстандын жалпы илимий-эксперттик чөйрөсүндө кызуу талкууга алынып жаткандыгына анализ берген. Кыргызстандын Мамлекеттик миграция кызматынын жана Мамлекеттик каттоо кызматынын билдирүүлөрүндө Кыргызстанда 80%га жакын жумуш квотасы кытайларга берилет. Мунун негизги себеби КР өкмөтү кытай компаниялары менен жол курууга, ГЭС, тоо кен ж.б. иштетүүгө ири долбоорлор аркылуу келишим түзүшкөндүгүнө байланыштуу экендигин мүнөздөгөн. (4 бап,2-параграф)

**8-жыйынтык.** Кыргызстандын менен ШКУнун алкагындагы маданий-гуманитардык кызматташтык, ШКУнун Декларациясынын кабыл алынышы менен башталган. Уюмга мүчө мамлекеттер маданий-гуманитардык кызматташтыкты өнүктүрүү зарылчылыгы, биринчи жолу 12-апрелде 2002-жылы Пекин шаарында мүчө-мамлекеттердин маданият министрлеринин жолугушуусунда кабыл алынган Декларациянын негизинде ишке ашып

келет. Жолугушууда маданият жаатындагы кызматташуу жөнүндө өкмөттөр аралык Макулдашууга кол коюлуп, мүчө-мамлекеттердин маданият күндөрүн, искусство ишмерлери катышкан фестивалдарды, ШКУга мүчө мамлекеттердин каада-салтын, маданий мүнөзүн чагылдырган иш чараларды өткөрүү жактырылган. Маданий-гуманитардык өз ара алмашуу Улуу Жибек жолунун тарыхый айдыңында жайгашкан элдердин маданий мурасын сактоого жана изилдөөгө, архитектуралык баалуу эстеликтерди калыбына келтирүүгө бири-биринин кызыкчылыгына шайкеш келген иш чаралар колдоого алынаарын билгизишкен.

Кызматташтыктын алкагында ар кандай маданий иш чаралар "Кытай тилинин көпүрөсү", "музейдеги Кытай маданиятынын күнү", "китепканадагы түн", "Конфуций институнун күнү" ж.б. өткөрүлүп турат. Ошону менен катар 15-ноябрда 2016-ж. "Билим - экспорт" аталыштагы кытай тилин окутуучу борбор ачылган, анын эки өлкөнүн алакасын арттыруу максатында тил жана маданий өнүгүүсүн өркүндөтүүнү караган. *(4 бап, 3-параграф)*

***9-жыйынтык***. Кытайдын Кыргызстанга ШКУ алкагында багытталган «гармониялуу дүйнө теориясы» долбоорунун ичиндеги кызматташтыгы "Ху Цзиньтаонун башкаруу учуру "пассивдүү саясаттан активдүү саясатка өткөн учур" болуп аталган. КЭР өзүнүн приоритеттерин белгилеп чек арадагы туруктуулук, дүйнөдөгү "кытай коркунучу" деген имиджин жоюу жана эл аралык мамилелерде конструктивдүү роль ойноо деп белгилейт.

Ал эми Кытайдын «бешинчи муундагы» башкаруучусу Си Цзиньпин өзүнүн «кытай ой чабыты» идеологиялык демилгеси менен чыккан. Алгач бул ички алкакта "кытайлык өңүттөгү социализм" идеясына альтернатива катары гана кабыл алынганы менен бир жылдан кийин бул дүйнөлүк коомчулукка Кытайдын саясий концепциясы катары жарыяланган. Бул концепция негизинен үч негизги элементтен турат: күчтүү жана бай мамлекет; улуттук кайра жаралуу; бүткүл элдик бакыт. Бул теориянын маңызы Кытайдын 2049-жылга чейин стратегиялык өнүгүү пландарын караган. Ал эми «Бир алкак, бир жол» долбоору 2013-жылы сентябрь-октябрь айында КЭРдин төрагасы Си Цзиньпиндин Казахстан жана Индонезияга жасаган расмий жолдомосунда биринчи жолу жарыяланган. «Бир алкак, бир жол» – эки долбоорду ичине камтыган: биринчиси, «Жибек жолунун экономикалык алкагы» экинчиси, «XXI кылымдагы деңиздик Жибек жолу». Бул эки долбоор евразиялык мамлекеттердин интеграциялык өнүгүүсүнө багытталган.

Албетте, Кытайдын лидерлеринин астыга койгон «гармониялуу дүйнө теориясы» жана "бир алкак бир жол", Кытайга коңшулаш өлкөлөрдө өзүнүн түрдүү пландагы катышуусун таңуулабай жана жетишерлик майнаптуу кеңейтүүгө жол берет дегени менен кытай кызматташуунун бардык чөйрөсүнө сүңгүп кирүүдө. Муну Кыргызстандын мисалында көрсөк болот. (5 бап,1-параграф)

**10-жыйынтык.** ШКУнун негиздөөчүлөрүнүн бири болгон Орусиянын Кыргызстан менен гуманитардык, соода-экономикалык, аскердик ж.б. багыттарда ырааттуу карым-катнашы анализденилген. Кытайлык

106

окумуштуулардын пикиринде, Орусия ШКУнун алкагындагы мамилелеринин калыптануусунун «Кытайдын кол баласы» деп эсептеп, тийиштүү көңүл буруу менен кабыл алган эмес. Өзбекстандагы америкалык аскердик базаны жоюу жараяны башталган соң, Кытай, өз кезегинде, Өзбекстанда жана Кыргызстанда өз базаларын жайгаштырууну каалоосун билдиргенде, Орусиянын бул жараяндарга кызыгуусу ылдам өсө баштагандыгы мүнөздөлгөн.

Орусиянын Кыргызстанга карата тышкы саясатынын өзөгү «Евразиялык багыт» аркылуу үч негизги багытта экендигин белгиленген: 1) аскердик жана коопсуздук тармагындагы кызматташтык (Канттагы аскердик база); 2) Орусия аркылуу түзүлгөн түзүмдөр аркылуу кызматташуу (КМШ, ЖККУ), акыркы мезгилдерде ЕАЭБ алкагында соода-экономикалык интеграциянын күч алуусу; 3) гуманитардык чөйрөдөгү ырааттуу сакталган кызматташтыгы экендиги аныкталган. (5 бап, 2-параграф)

**11-жыйынтык.** Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы өнүгүүсүнө АКШ, Европа Биримдикке кирген өлкөлөр, Япония ж.б. Борбордук Азияга карата мамилеси талдоого алып, изденүүчү Ж.О. Омурова ШКУнун ишмердиги анын ичинде Кыргызстан абдан актуалдуу изилденип жаткандыгына анализ берген.

Диссертациялык иште ШКУнун мүчө өлкөлөрү, айрым эки тараптуу тирешүүлөр орун алган жагдайларга карабастан, ШКУ аркылуу Евразиялык ири аймактагы туруктуулукту жана террорчулук сыяктуу ар кандай коопсуздук коркунучтарын алдын алуучу жана бөгөт коючу факторго ээ экендигине токтолгон. Учурдагы ШКУнун дагы бир мааниси — Орусия, Кытай, же АКШ ж.б. кубаттуу мамлекеттер Борбордук Азияда мындан ары өз алдынча жана жеке басар ролду ойногон жалгыз оюнчу боло албастыгын да кепилдеген уюмдардын бири болуп калгандыгында деп жакшы баа берген. *(5 бап, 3-параграф).*

**4. Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли**

Изденүүчү диссертацияда ар бир жаңы алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди негиздүү жана ынанымдуу далилдей алган. Илимий айлампага киргизилген материалдарды изилдөөдө Ж.Омурова тарабынан колдонулган илимий принциптер жана ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ийгиликтүү ишке ашырууда өбөлгө түзөт.

СССР кулагандан кийинки соңку мезгилдин таарыхнаамасында жаңыдан пайда болгон Борбордук Азия мамлекеттеринин анын ичинде кыргызстандын тарыхый өнүгүүсү жаңыча иликтөөнү талап кылууда. ШКУнун тарыхы жана Кыргызстандын ШКУга мүчө өлкөлөр менен өз ара пайдалуу кызматташтыкты өөрчүтүп жатышы тууралуу илимий изилдөөлөр азыркы мезгилде чет өлкөлүк илимий мектептеринде, Кыргызстандын өзүндөгү илимий чөйрөлөрдө да улам жигердүү жүзөгө ашырылууда. Аларга сереп салбастан туруп ШКУнун тарыхын бейтарап жана калыс иликтөөгө мүмкүн эмес. Ошондуктан Эгемендүү Кыргызстандын Кытай Эл

Республикасы менен алгач эки тараптуу байланышы аркылуу ишке ашкан. Эки мамлекет ортосундагы эң маанилүү чек ара аймактардагы коопсуздук ж.б. маселе болгон.

Кыргызстандын ШКУга мүчө болуу процесси ШКУнун ири мүчө өлкөсү Кытай менен өз ара чек ара маселелерин тактальшы менен коштолгон. Чек ара жана коопсуздук, эл аралык террорчулукка, бангизаттардын мыйзамсыз жүгүртүлүшүнө ж.б. каршы биргелешип күрөшүү көйгөйлөрүн чечүү алгач "Шанхай бештигинин", кийин "Шанхай форумунун", учурда "ШКУнун" түзүлүшү негизинде натыйжалуу жүзөгө ашырыла баштагандыгын изденүүчү Ж.О. Омурова илимий адабияттардын далилдүү материалдары менен бышыктаган жана баа берген.

ШКУ алкагындагы коопсуздук, экономикалык, маданий-гуманитардык ж.б. алкактагы кызматташтыкты өнүктүрүүдө Кыргызстан ШКУ уюшулган биринчи көндөн баштап ар бир иш чараларга активдүү катышып келе жаткандыгын талдап анализ берген. Кыргызстан ШКУ жана ЖККУ коопсуздук жаатында чечилбеген көйгөйлүү маселелерди чечүүдө, транзиттик чек ара аймактарындагы коопсуздукту сактоодо жана "үч жамандыкка" каршы күрөшүүдө, улуттук кызыкчылыкка туура келген мыйзамдуу иш аракеттерди дайыма колдоп келгендиги жазылган.

Иште Кытайдын ШКУ аркылуу ишке ашып жаткан экономикалык кызматташтыгында Кытайдын инвестициялык саясаты, республиканын ар бир областтарда активдүү жайылып жаткан кытай ишкерлеринин иш аракеттери каралган. Кытайдын экономикалык алакасынын негизи чөйрөсү: унаа жолдорду куруу, ондоп түздөө, коммуникация, тоо кен тармагы, жаратылыш ресурстары, гидроэнергетика ж.б. экендигин аныктоо менен алардын "Жибек жолунун экономикалык алкагы" долбоорунун негизги максаты коңшу мамлекеттерде ишке ашып жаткандыгына анализ берген.

**5. Диссертациялык иштеги ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун), корутундунун жаңычылдыгынын деңгээли.**

Каралып жаткан теманын илимий жыйынтыктарынын жаңычылдык деңгээли катары төмөнкүлөрдү белгилеп кетүүгө болот.

***1-жыйынтык.*** ШКУнун жана Борбордук Азиянын анын ичинде Кыргызстандын тарыхый өнүгүү процессин чет өлкөлүк, Борбордук Азия жана жергиликтүү окумуштуулардын эмгектери изилденип жаткан теманын изилдөөдө баалуу жакшы аналитикалык маалыматтарга таянуу менен Кыргызстандын ШКУга мүчө болуу тарыхы атамекендик тарыхнаамабызда биринчи жолу үч ири этапка бөлүнүп изилдөөгө алган. Диссертант тарабынан Эгемендүү Кыргызстандын тарыхнаамасынада ШКУнун алкагындагы Кыргызстандын кызматташтыгын изилдеген алгачкы комплекстүү илимий иликтөө – бул иштин жаңычылдыгы.

***2-жыйынтык.*** Эгемендүү Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы ар тараптуу кызматташтыгынын изилдөөгө байланыштуу булактык база беш топко бөлүнүп изилденген. Ошону менен катар Кыргыз Республикасынын архивдик материалдары, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин, миграция кызматынын материалдары, айрым

министрликтердин расмий аналитикалык маалыматтары ж.б. даректүү маалыматтар диссертацияда пайдаланылып, булактык базасын кеңейткендиги да иштин жаңычылдыгы экендигин белгилейт.

***3-жыйынтык.*** ШКУнун уюшулушу менен Борбордук Азия мамлекеттеринин анын ичинде Кыргызстандын уюмдун тарыхый өнүгүүсүндө мүчө катары катышуусу чет өлкөлүк, Борбордук Азия жана Ата мекендик таарыхнаама материалдарын кеңири колдонуп биринчи жолу үч мезгилге бөлүнүп (1991—1997-ж., 1997—2001-ж., 2001- бүгүнкү күнгө чейин) иликтенилиши – бул диссертациялык иштин жаңычылдыгы.

***4-жыйынтык.*** Кыргызстандын Шанхай кызматташтык уюмунун алкагындагы кызматташтыгын эң маанилүү аспектиси катары коопсуздук, экономика жана маданий –гуманитардык чөйрөдөгү байланыштарда Кыргызстандын иш аракеттерин жана ролун чагылдырууга изденүүчү Ж.О.Омурова тарабынан аракеттер болгондугу көрүнүп турат.

***5-жыйынтык.*** Диссертацияда ШКУ алкагындагы кызматташтыкта Кыргызстандын ШКУга мүчө Кытай жана Орусия өлкөлөрү менен болгон карым-катнаштынашына сереп салган. Кыргызстандын дал ушул ШКУга мүчө өлкөлөр менен бул уюмдун алкагындагы коопсуздук, экономика ж.б. багыттардагы кызматташтыгы Кыргызстандын тарых илиминде алгачкылардан болуп комплекстүү түрдө докторлук диссертация деңгээлинде изилденилиши - бул иштин жаңычылдыгы.

. **6. Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо**

Изденүүчү Омурова Жамыйкат Орозбековнанын “Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү” деген темадагы 07.00.02 Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 Жалпы тарых адистиктери боюнча даярдалган докторлук диссертациясында ШКУнун мүчө өлкөлөрү Кытай, Орусия, Индия жана Борбордук Азия жана Кыргызстандын окумуштууларынын эмгектери жакшы талданган. Мындан тышкары ШКУнун байкоочу статусуна ээ болгон өлкөлөрдүн бири Ирандын, ШКУга сүйлөшүү боюнча шериктеш Түркиянын серепчилеринин айрым эмгектери да иликтөөдө колдонулган. Ошону менен катар ШКУнун ишмердүүлүгүн жана Борбордук Азиянын өнүгүүсүнө кызыккан мамлекеттердин -- АКШ, Евро Биримдик өлкөлөрүнүн жана Япония окумуштууларынын, аналитиктеринин айрым эмгектерине анализ берилген. Илимий иште маалымат булактардын, архивдик материалдар, статистикалык ж.б. даректүү маалыматтарды кеңири колдонуу менен Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы ар тараптуу кызматташтыгына тарыхый өнүгүү жагдайларына баа берүү менен комплекстүү изилдөөгө алган. Бул диссертация Кыргызстандын Кытай жана Орусия сыяктуу ШКУнун мүчө өлкөлөрү менен болгон байланыштарын изилдөөгө негиз боло алат.

Изденүүчүнүн жекече салымы илимий изилдөөнүн жүрүшүндө каралган баптардын ар бир параграфында чогултулган материалдардын

системага келтирүү менен аларды өз алдынча олуттуу илимий бүтүмдөрдү, тыянактарды, жыйынтыктарды чыгарууга болгон аракетинен эле билинип турат.

**7. Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси**

Илимий иштин ар бир бабындагы негизги бүтүмдөр жана жалпы тыянактар ШКУнун ишмердүүлүгүнө жана Кыргызстандын бул уюмдун алкагындагы Кытай жана Орусия менен болгон байланышына анализ берүүдө, мындан аркы илимий долбоорлорду ж.б. сунуштарды даярдоого колдонсо болот.

**8. Диссертациянын жыйынтыктарынын жана корутундусунун автордун тематика боюнча жарыялаган эмгектеринде тастыкталышы**

Ж.О.Омурова илимий иш боюнча жалпы 34 илимий макала жарыялаган, алардын 15и чет элдик басмаларда чыгарылган, 10 макала РИНЦте, 1 макала Web of Science системасына кирген басмада жарык көргөн. Кыргыз Республикасынын ЖАКы койгон талаптарга толук жооп берет.

**9. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши**

Диссертациянын кол жазмасына карата идентивдүү эки тилде (кыргыз жана орус тилдеринде) даярдалган автореферат кандидаттык диссертациянын мазмунуна туура келет; ал эми диссертациянын максаты жана милдеттерине автореферáттын текстинде чагылдырылган материалдары жооп берет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилдеринде идентивдүү резюмелер менен жабдылган.

**10. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар**

Ж.О.Омурованын диссертациялык ишинде жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен катар айрым мүчүлүштүктөр орун алган. Аларды жоюу үчүн айрым сунуштар:

1.Диссертациялык иштин киришүү бөлүгүндө теманын актуалдуулугун, жаңычылдыгын, коргоого алып чыгуучу жоболорду иштин мазмунуна жараша кайрадан карап чыгып жазуу зарыл;

2.Тарыхнаама боюнча материалдар жакшы берилген, бирок чет элдик окумуштуулардын эмгектерине баа берүүнү күчөтүү керек;

3. Диссертациялык иштин булак таануусу жалпылаштырылган мүнөздө берилип, так анализ берүү жок, ошондуктан ШКУга тиешелүү болгон маанилүү булактардын маанизине анализ берилүүсү зарыл деп ойлойм;

4. Диссертациялык иште ШКУнун алкагындагы Кыргызстандын өнүгүүсүн таразалаган маселелер азыраак, Кыргызстандын тышкы саясий кызыкчылыгы биринчи орунду экендигинин мүнөзүн ачып, ушул уюмдун алкагында коопсуздук, экономика ж.б. кызматташтыкта ордун жана ролуна баа берүү керек;

5 Илимий иште берилген кээ бир таблицадагы материалдар эски, аны тактоо менен акыркы фактологиялык материалдар берилсе болмок;.

6. Диссертациялык иште жыйынтыгында чыгырылгын бүтүмдөрдү кайрадан карап чыгуу керек, ШКУнун алкагындагы Кыргызстандын өнүгүүсүн ишитин мазмунунда берилгени менен жыйынтыкта жакшы мүнөздөлүп тыянак чыкпай калган.

Эксперттик комиссиянын мүчөсү тарых илимдеринин доктору, профессор Эсенкулов Нурмамат Жокенович изденүүчү Ж. О. Омурованын докторлук диссертациясынын кол жазмасын, жогоруда аталган айрым мүчүлүштүктөргө карабастан, өз алдынча жазылган илимий иш деп санайт.

**11. Диссертациялык коргоого жетектөөчү мекемени, расмий опоненттерди дайындоо сунушунун негиздемеси**

Эксперттик комиссия изденүүчү Омурова Жамыйкат Орозбековнанын “Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү” деген темадагы 07.00.02 –Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 – Жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн даярдалган диссертациясын коргоого:

**Жетектөөчү мекеме катары** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясындагы Б.Жамгырчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун Кыргызстандын XX –XXI к. тарыхы бөлүмүн дайындоону сунуш кылат.

**Биринчи расмий оппонент катары** 07.00.03 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору, профессор Жаркынбаева Роза Сейдалиевнаны сунуш кылат.

**Экинчи расмий оппонент катары** 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору, профессор Акунов Аалыбек Акунович сунуштайт.

**Үчүнчү расмий оппонент катары** 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору, профессор Ормушев Асан Сулаймановичти сунуш кылат.

Мен эксперттик комиссиянын мүчөсү Эсенкулов Нурмамат Жокенович, изденүүчү Омурова Жамыйкат Орозбековнанын “Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү” деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 – жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасын, корутундудагы белгиленген кемчиликтерди сын пикир, сунуштарды эске алуу менен Диссертациялык кеңешинде ачык коргоого сунуш кылам.

**Комиссиянын мүчөсү:**
тарых илимдеринин доктору, профессор **Н.Ж. Эсенкулов**

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, т.и.д., проф. м.а. **А.К. Карыева**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

И.АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ